КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ
И КОММЕРЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

19-февраль 2026 ж. № 01 Бишкек ш.

## Райондук деңгээлдеги социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуунун стратегиялык пландоо методологиясын бекитүү жөнүндө

Документтерди даярдоодо райондук мамлекеттик администрацияларга бирдиктүү мамилени жана методикалык колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинин 10-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 250 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуну менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө Жобонун 12-пунктусунун 3-пунктчасынын үчүнчү абзацына ылайык **буйрук кылам:**

1. Райондук деңгээлдеги социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуунун стратегиялык пландоо методологиясын (мындан ары – методология) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар социалдык-экономикалык өнүгүү программаларды иштеп чыгууда методологияны жетекчиликке алсын.
3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин региондорду өнүктүрүү саясаты башкармалыгы:
   1) методологияны практикалык колдонууда көмөк көрсөтсүн;

2) катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин расмий сайтына жарыяланышын камсыз кылсын;

3) ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып, үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсү мамлекеттик жана расмий тилде, кагаз жана электрондук түрдө, аталган буйрукту жарыялоо булактарын көрсөтүү менен эки нускада Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик бирдиктүү реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн;

4) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып, үч жумуш күндүн ичинде, буйруктун көчүрмөсү маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлсүн.

4. Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмү бул буйрукту Министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткирсин.

5. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

6. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министринин биринчи орун басары Ч.С. Сейитовго жүктөлсүн.

## Об утверждении Методологии стратегического планирования по разработке программ социально–экономического развития районного уровня

В целях обеспечения единого подхода и методической поддержки для районных государственных администраций при подготовке документов, в соответствии с подпунктом 3 пункта 10 Списка отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, делегируемых государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года № 115, также руководствуясь абзацем третьим подпункта 3 пункта 12 Положения о Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 250 **приказываю**:

1. Утвердить Методологию стратегического планирования по разработке программ социально–экономического развития районного уровня (далее – методология), согласно приложению.

2. Местным государственным администрациям руководствоваться методологией при разработке программ социально-экономического развития.

3. Управлению политики развития регионов Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики:

1) оказать содействие в практическом применении методологии;

2) в течение трех рабочих дней со дня регистрации обеспечить официальное опубликование настоящего приказа на официальном сайте Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителе, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

4) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа, направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

4. Отделу контроля исполнения и делопроизводства довести настоящий приказ до сведения руководителей структурных подразделений Министерства.

5. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на первого заместителя министра экономики и коммерции Кыргызской Республики Ч.С. Сейитова.

**Министр** **Д.Дж. Амангельдиев**

*Макулдашылды:*

| | |
|---|---|
| Министрдин биринчи орун басары | Ч.С. Сейитов |
| Министрдин орун басары | И.Э. Асылкулов |
| Министрдин орун басары | А.Д. Усенбекова |
| Министрдин орун басары | С.Б. Болотов |
| Укуктук колдоо жана экспертиза башкармалыгынын начальниги | А.С. Айдаров |
| Региондорду өнүктүрүү саясат башкармалыгынын начальниги | И.Б. Маматов |
| Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги | А.А. Аманова |
| Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарылышын контролдоо бөлүмүнүн башчысы | С.А. Садыкова |
| Мамлекеттик тил жана лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башчысы | Ж.М. Дегенбаева |
| Региондорду талдоо жана өнүктүрүүнү болжолдоо секторунун башчысы | Н.Б. Момункулова |

**СПРАВКА-ОБОСНОВАНИЕ**
**к проекту приказа Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики «Об утверждении Методологии стратегического планирования по разработке программ социально–экономического развития районного уровня»**

**1. Цели и задачи**

Целью и задачей настоящего проекта приказа является обеспечения единого подхода и методической поддержки для районных государственных администраций при подготовке документов.

**2. Описательная часть**

Настоящим проектом приказа утверждается Методология стратегического планирования по разработке программ социально–экономического развития районного уровня (далее – Методология).

В соответствии с приложением 1 постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, подпунктом 3 пункта 10 Министерству экономики и коммерции Кыргызской Республики делегированы полномочия по разработке методологии по внедрению стратегического планирования и единообразного подхода к разработке стратегических документов различного уровня.

Настоящяя Методология разработано с учетом Общегосударственной программы Кыргызской Республики, Бюджетного кодекса Кыргызской Республики, Закона Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», Порядка государственного стратегического управления в Кыргызской Республике, утвержденного указом Президента КР от 10 октября 2022 года УП № 349 и других утвержденных нормативных правовых актов, регулирующих стандарты разработки стратегических и программных документов для государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики.

Методология – является рекомендациями для подготовки программ социально-экономического развития (далее – ПСЭР) для последующего интегрирования в комплексную систему “Санарип аймак”.

Для тестирования Методологии, в 2023 году были проведены семинары для пилотной разработки проектов ПСЭР на 2024-2026 годы в 2 районах и 4 айылных аймаках.

Данная Методология доработана с учетом пилотирования разработки ПСЭР органов местного самоуправления.

Методология представляет собой описание пошагового алгоритма действий, включающего сроки, методы и результаты работы, а также содержит стандартный набор показателей/индикаторов результативности

для планирования и прогнозирования, а также модель социально-экономического прогнозирования.

Согласно пункту 54[1] Регламента Кабинета Министров Кыргызской Республики данный проект приказа согласован с соответствующими государственными органами. Замечания и предложения Министерства юстиции Кыргызской Республики были учтены. Остальные государственные органы предоставили без замечаний и предложений.

**3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий**

Принятие данного проекта приказа негативных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий не повлечет.

**4. Информация о результатах общественного обсуждения**

В соответствии со статьей 22 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики» данный проект приказа не затрагивает интересы граждан, юридических лиц и не регулирует предпринимательскую деятельность.

**5. Анализ соответствия проекта законодательству**

Представленный проект приказа не противоречит нормам действующего законодательства, а также международным договорам, вступившим в силу, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**6. Информация о необходимости финансирования**

Принятие настоящего проекта приказа не повлечет дополнительных финансовых затрат из республиканского бюджета.

**7. Информация об анализе регулятивного воздействия**

Представленный проект приказа не требует проведения анализа регулятивного воздействия, поскольку не направлен на регулирование предпринимательской деятельности.

**Министр**
**экономики и коммерции**
**Кыргызской Республики** **Д.Дж. Амангельдиев**

**Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин “Райондук деңгээлдеги социалдык экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуунун стратегиялык пландоо методологиясын бекитүү жөнүндө” буйругунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ – МААЛЫМКАТ

**1. Максаты жана милдети**

Бул буйруктун долбоорунун максаты жана милдети райондук мамлекеттик администрациялардын иш кагаздарын даярдоодо бирдиктүү мамилени жана методикалык колдоо көрсөтүү болуп саналат.

**2. Баяндоочу бөлүгү**

Бул буйруктун долбоору менен райондук деңгээлдеги социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуунун стратегиялык пландоо методологиясы (мындан ары – Методология) бекитилет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомунун 1-тиркемесинин 10-пунктусунун 3-пунктчасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине стратегиялык пландоону жана ар кандай деңгээлдеги стратегиялык документтерди иштеп чыгууга карата бирдей ыкманы ишке киргизүү боюнча методологияны иштеп чыгуу ыйгарым укуктары берилген.

Бул Методология Кыргыз Республикасынын Улуттук программасына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-октябрындагы ПЖ № 349 Жарлыгына ылайык бекитилген Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартибине жана башка Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн стратегиялык жана программалык документтерди иштеп чыгуунун стандарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды эске алуу менен иштелип чыкты.

Методология “Санарип Аймак” комплекстүү системасына интеграциялоо үчүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын (мындан ары - СЭӨП) даярдоо боюнча сунуштар болуп саналат.

Методологияны тестирлөө үчүн 2023-жылы 2 райондо жана 4 айыл аймагында 2024-2026-жылдарга СЭӨП долбоорлорун пилоттук иштеп чыгуу боюнча семинарлар уюштурулган.

Бул Методология жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын СЭӨПтү иштеп чыгууну пилоттоону эске алуу менен иштелип чыккан.

Методология иш-аракеттердин мөөнөттөрдүн, ыкмалардын жана натыйжалардын ар кадамынын алгоритмин камтыйт, мындан тышкары

пландаштыруу жана болжолдоонун көрсөткүчтөрдүн/индикаторлордун натыйжалуу стандарттуу топтомун жана социалдык-экономикалык болжолдоо моделин камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламентинин $54^1$-пунктуна ылайык, бул буйруктун долбоору тиешелүү мамлекеттик органдар менен макулдашылган. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин эске алынды. Калган мамлекеттик органдар тарабынан сын-пикирлерсиз жана сунуштарсыз берилген.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Ушул буйрук долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамдын 22-беренесине ылайык, бул буйрук долбоору жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына таасир этпейт жана ишкерлердин ишмердүүлүктөрүн жөнгө салбайт.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Берилген буйрук долбоору колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул буйрук долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорго алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген буйрук долбоору жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Экономика жана**
**коммерция министри** **Д.Дж. Амангельдиев**

Кыргыз Республикасынын
Экономика жана коммерция
министрлигинин буйругуна
тиркеме
“ 19 ” ________ 2024 ж. № 01

**Райондук деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуунун стратегиялык пландоо**
**МЕТОДОЛОГИЯСЫ**

**Мазмуну:**


1-бөлүм. Жалпы жоболор ....................2
2-бөлүм. СЭӨП иштеп чыгуу тартиби ....................3
2.1. СЭӨПтүн максаты жана милдеттери ....................3
2.2. СЭӨПтү иштеп чыгуу процессинин катышуучуларынын ролдору ....................4
2.3. Жарандардын катышуусу ....................6
3-бөлүм. СЭӨПтүн мазмуну жана бөлүмдөрү ....................7
4-бөлүм. СЭӨПтү иштеп чыгуу алгоритми ....................8
Социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча жумушчу топту жана Координациялык кеңешти түзүү ....................10
“Ресурстарды баалоо” бөлүмүн даярдоо ....................11
“Региондорду экономикалык адистештирүү жана тармактык программалар” бөлүгүндө “Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоо....................13
“Калк” бөлүмүн даярдоо....................14
“Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоо.................... 16
“Социалдык инфраструктура” бөлүмүн даярдоо ....................19
“Мейкиндик” бөлүмүн даярдоо....................22
“Айлана-чөйрө” бөлүмүн даярдоо....................24
СЭӨПтордун коомдук талкуусу....................27
5-бөлүм. СЭӨПтүн мониторингинин алгоритми....................28
6-бөлүм. Тиркемелердин тизмеси....................32
Кыскартуулардын тизмеси ....................33

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Райондук деңгээлде социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуунун стратегиялык пландоо методологиясы (мындан ары - Методология) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын стратегиялык программалык документтердин бир түрүн жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуунун сунуш кылынган тартибин жана формаларын аныктайт.

2. Бул Методология Кыргыз Республикасынын Улуттук программасына, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-октябрындагы ПЖ № 349 Жарлыгына ылайык бекитилген Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартибине жана башка Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн стратегиялык жана программалык документтерди иштеп чыгуунун стандарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды эске алуу менен иштелип чыкты.

3. Методологиянын максаты, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык пландоонун комплекстүү системасына интеграцияланган райондук социалдык – экономикалык өнүктүрүүнүн программаларын (мындан ары - СЭӨП) натыйжалуу жана бир түрдүү даярдоо үчүн методикалык сунуштарды берүү болуп саналат.

4. СЭӨП жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан иштелип чыгат жана ушул Методологиянын сунуштарына ылайык райондордун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан бекитилет жана өткөн эки жыл үчүн иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрдү, учурдагы жылга күтүлгөн баалоону жана кийинки 3-5 жылга прогнозду камтыйт.

5. СЭӨПтү иштеп чыгуу төмөнкү принциптерге жана ыкмаларга негизделген, алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) СЭӨПтү районду өнүктүрүүнү башкаруунун практикалык куралы катары колдонуу;

2) ачыктык жана айкындуулук. СЭӨПтү иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү процесси кызыкдар тараптардын, анын ичинде жарандардын жана алардын бирикмелеринин кеңири катышуусун камтыйт;

3) кызмат көрсөтүүнүн акыркы керектөөчүсүнө жана пландаштырылган чаралардын коомдук пайдалуулугуна жана алардын натыйжаларына багыт алуу;

4) СЭӨП аймактык / региондук адистешүүнү жана региондук / өлкөлүк экономикалык интеграцияны эске алуу менен иштелип чыгат;

5) СЭӨП социалдык-экономикалык жана мейкиндикти пландаштыруунун элементтерин айкалыштырат.

6. Методология иш-аракеттердин этаптуу алгоритмин, анын ичинде иштин мөөнөттөрүн, ыкмаларын жана натыйжаларын баяндоодон турат. Методика пландоо жана болжолдоо үчүн натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүнүн / индикаторлорунун стандарттык топтомун, ошондой эле социалдык-экономикалык болжолдоонун моделин камтыйт.

7. Бул методология төмөнкүдөй негизги түшүнүктөрдү жана аныктамаларды колдонот:

1) Мамлекеттин мейкиндик маалыматтар банкы – Жерди аралыктан зонддоонун комплекстүү маалыматтарынын негизинде аймактардын жана объекттердин, кубулуштардын жана процесстердин абалына мониторинг жүргүзүү маселелерин чечүү, ошондой эле аналитикалык маселелерди жана жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдерде социалдык жана экономикалык өнүгүүнү башкаруунун

башка милдеттерин чечүү үчүн зарыл болгон базалык жана башка мейкиндик жана атрибутивдик маалыматтардын топтому;

2) Социалдык-экономикалык өнүгүүнү комплекстүү пландаштыруу системасы - Социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландаштырууну жана мейкиндиктик пландаштырууну айкалыштырган көп деңгээлдүү пландаштыруу механизми;

3) Райондун социалдык-экономикалык өнүгүшү боюнча Координациялык кеңеш – райондун социалдык-экономикалык өнүгүү процессинде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коммерциялык жана коммерциялык эмес, эл аралык жана башка уюмдардын, ошондой эле жарандардын өз ара аракеттенүүсүн координациялоо үчүн түзүлүүчү консультациялык-кеңеш берүүчү орган;

4) Социалдык-экономикалык прогноздоо модели (Модель) – ЖӨБ жана ЖМАнын аткаруучу органдарына аймактын жана региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдорун, анын ичинде мейкиндик пландарынын элементтерин эсептөөгө мүмкүндүк берүүчү "Санарип Аймак" системасынын автоматташтырылган модулу;

5) Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы (СЭӨП) – Райондун социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы – райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн максаттарына кыйла натыйжалуу жетишүүнү жана милдеттерин чечүүнү камсыз кылуучу ресурстар менен байланышкан иштин багыттарын жана саясатын сүрөттөгөн башкаруунун куралы;

6) Региондук пландоо деңгээли – жергиликтүү мамлекеттик администрациянын СЭӨПтүн жумушчу тобу тарабынан сунушталган комплекстүү пландоо системасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруудан жогору региондук деңгээли түшүнүлөт;

7) Социалдык инфраструктура – бул калктын нормалдуу жашоо-тиричилигин функционалдык жактан камсыз кылган тармактардын жана ишканалардын жыйындысы.

8) Адистештирүү (аймактык жана региондук экономикалык адистештирүү) – Аймактын/райондун экономикалык ишмердүүлүгүнүн өндүрүштүн жергиликтүү факторлору менен аныкталуучу конкреттүү тармактык багыттарга же продукциянын түрлөрүнө көңүл бурушу;

9) Орто мөөнөттүү мезгил – Райондун СЭӨПтүн максаттары үчүн орто мөөнөттүү мезгили- 3-5 жыл;

10) Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга, жөнгө салууну координациялоого жана башкаруунун айрым тармактарында же чөйрөлөрүндө аткаруу функциялары боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдар;

11) Региондорду өнүктүрүү фонддору – Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык түзүлүүчү, республикалык жана жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү, өнүктүрүүнүн инфраструктуралык жана инвестициялык долбоорлорун өнүктүрүүнү жана аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларына ылайык максаттуу багыттагы иш-чараларды ишке ашырууну каржылоого арналган фонддор.

## 2-бөлүм. СЭӨПтү иштеп чыгуу тартиби

### 2.1. СЭӨПтүн максаты жана милдеттери

8. СЭӨП ушул методологияга ылайык иштелип чыккан жана өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу чөйрөлөрү боюнча максаттарды, милдеттерди жана чараларды камтыган программалык стратегиялык документ болуп саналат.

9. СЭӨПтүн жалпы максаты азыркы жана келечектеги муундардын

экономикалык, социалдык жана экологиялык бакубаттуулугун камтыган региондун (райондун) калкынын бардык аспектилерин жана жашоо шарттарын жакшыртууга багытталууга тийиш.

1) Максатты түзүүдө стандарттык талаптар:

- формасы боюнча кыскалык;
- мазмуну боюнча толуктук;
- конкреттүүлүк жана айкындуулук;
- өлчөмдүүлүк (мүмкүнчүлүк болсо);
- саясаттын чаралары боюнча негиздүүлүк;
- ресурстар жагынан реалдуулук;

10. Милдеттер СЭӨПтүн максаттарына жетүүгө багытталган чаралардын жыйындысынан турат. Милдеттер регионду өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктуу багыттарынан жана максаттуу көрсөткүчтөрдөн, ошондой эле жогору турган мамлекеттик стратегиялык документтердин негизинде түзүлөт.

## 2.2. СЭӨПтү иштеп чыгуу процессинин катышуучуларынын ролдору

11. СЭӨПтү иштеп чыгуунун алкагында өз ара аракеттенүү төмөнкү институттардын жана топтордун катышуусун камтыйт:

1) Региондук пландоо деңгээли;

– СЭӨПтү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту түзүү;
– СЭӨПтү иштеп чыгууга жарандардын катышуусу үчүн шарттарды түзүү;
– Алгоритмге ылайык СЭӨПтү иштеп чыгуу (бул Методиканын 4-бөлүмү);
– Алгоритмге ылайык ЖӨБ менен маалымат алмашуу;
– Алгоритмге ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен маалымат алмашуу;
– СЭӨПгө коомдук талкуулоону өткөрүү;
– СЭӨПтүн кабыл алынган документин жарыялоо;
– СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча чаралардын жана иш-чаралардын аткарылышын камсыздоо.

2) Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын коллегиясы (консультациялык-кеңеш берүүчү орган) аткарат:

– СЭӨПтү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топко депутаттардын катышуусу;
– СЭӨПтүн документин бекитүү.

3) Жарандардын жана кызыкчылык топторунун өкүлдөрү болгон жергиликтүү жамааттар жана бизнес:

– социалдык-экономикалык өнүгүүнүн боюнча Координациялык кеңешине катышуу: муктаждыктарды аныктоо жана көйгөйлөрдү коюу, Алгоритмге ылайык СЭӨПтүн багыттары боюнча артыкчылыктарды аныктоо;
– СЭӨПтүн биргелешкен чараларын жана иш-чараларын ишке ашырууга катышуу;
– СЭӨП натыйжаларын баалоого жана аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө катышуу.

4) ЖӨБдүн аткаруучу органдары – Алгоритмге ылайык ЖМА менен маалымат алмашуу;

5) Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар – Алгоритмге ылайык ЖМА менен маалымат алмашуу

12. СЭӨПтүн мониторинг жүргүзүү процессинин алкагында өз ара аракеттенүү:

1) Региондук пландоо деңгээли:

– СЭӨПтү мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу топту түзүү;

– мониторингдин Алгоритмине ылайык социалдык-экономикалык өнүгүү боюнча Координациялык кеңеши менен өз ара аракеттенүү;

– мониторингдин Алгоритмине ылайык СЭӨПтүн мониторинги жөнүндө отчетту даярдоо;

– СЭӨПтүн мониторинги жөнүндө отчетту жарыялоо

– Мониторингдин натыйжалары боюнча СЭӨПгө өзгөртүүлөрдү киргизүү.

2) Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын коллегиясы (консультациялык-кеңеш берүүчү орган) аткарат:

– СЭӨП мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу топко депутаттардын катышуусу;

– СЭӨПтүн мониторинги жөнүндө отчетту кароо.

3) Райондун социалдык-экономикалык өнүгүшү боюнча координациялык кеңеш – мониторингдин Алгоритмине ылайык СЭӨПнын мониторингине катышуу;

4) ЖӨБдүн аткаруучу органдары – мониторингдин Алгоритмине ылайык ЖМА менен маалымат алмашуу.

13. Комплекстүү пландаштыруу тутумунун алкагында өз ара аракеттенүү:

| **Пландардын жана пландаштыруу аймактарынын иерархиясы** | | **Пландардын өз ара аракеттенүүсү** |
|---|---|---|
| 1) | **Республика:**<br>Региондорду социалдык-экономикалык комплекстүү өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы | **Жогорудан төмөн:**<br>– улуттук артыкчылыктар жана долбоорлор;<br>– ресурстук чектөөлөр;<br>– Кыргыз Республикасынын мейкиндик схемасы жана анын чектөөлөрү;<br>– Кыргыз Республикасынын мейкиндиктик маалыматтар банкы. |
| 2) | **Республика:**<br>Улуттук деңгээлдеги стратегиялар;<br>Жалпы мамлекеттик программалар;<br>Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан иштелип чыгуучу өнүктүрүүнүн мамлекеттик программалары, анын ичинде тармактык программалар | **Жогорудан төмөн:**<br>– улуттук долбоорлор;<br>– сектордук саясат жана кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары;<br>– региондук тармактык профилдер үчүн маалымат;<br>– ресурстук жана мейкиндиктик артыкчылыктар жана чектөөлөр |
| 3) | **Региондук пландоо деңгээли:**<br>Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн региондук комплекстүү программасы, анын ичинде аймактык тармактык профилдер;<br>Райондун СЭӨП | **Жогорудан төмөн:**<br>– улуттук артыкчылыктар жана долбоорлор;<br>– региондук экономикалык адистештирүү-интеграциялык пландар, артыкчылыктар жана долбоорлор;<br>– ресурстук чектөөлөр;<br>– жаратылышты коргоо боюнча чектөөлөр<br>– регионалдык мейкиндиктик схемасы.<br>**Төмөндөн жогору**<br>– өнүгүүнүн көрсөткүчтөрү;<br>– региондук комплекстүү өнүктүрүү |

| Пландардын жана пландаштыруу аймактарынын иерархиясы | | Пландардын өз ара аракеттенүүсү |
|---|---|---|
| | | программасынан региондук тармактык профилдер<br>– комплекстүү пландаштыруу модели үчүн маалыматтар. |
| 4) | **Жергиликтүү пландоо деңгээли (ЖӨБ): ЖӨБ органдарынын СЭӨП** | **Төмөндөн жогору**<br>– өнүгүү көрсөткүчтөрү;<br>– жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктары, анын ичинде аялуу топтор;<br>– аймактын экономикалык адистешүүсү жөнүндө маалымат;<br>– комплекстүү пландаштыруу модели үчүн маалыматтар;<br>– горизонталдык өз ара аракеттенүү жөнүндө маалымат (муниципалитеттер аралык кызматташтык, интеграциялык процесстер, ресурстар менен алмашуу, тажрыйба алмашуу). |

14. Жогоруда аталган өз ара аракеттешүү ушул Методиканын 4-бөлүмүндө СЭӨПтү иштеп чыгуу Алгоритминде баяндалган.

**2.3. Жарандардын катышуусу**

15. Жарандардын СЭӨПтү иштеп чыгууга катышуусу алардын региондун (райондун) экономикалык жана социалдык өнүгүүсү боюнча Координациялык кеңеште өкүлчүлүгү аркылуу ишке ашырылат. Координациялык кеңеш СЭӨПтү иштеп чыгууга бардык кызыкдар тараптардын: бизнестин, жарандык коомдун, калктын демилгелүү топторунун ж.б. катышуусун камсыздоо үчүн аянтча катары колдонулат. Координациялык кеңеш ЖМА бекиткен Координациялык кеңеш жөнүндө жобого ылайык түзүлөт.

16. Иш жүзүндө жарандардын СЭӨПгө катышуу процесси этаптарга бөлүнөт

– СЭӨПтү иштеп чыгууда райондун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого катышуу;
– СЭӨПтүн конкреттүү чараларын иштеп чыгууга катышуу;
– СЭӨП коомдук талкууларга катышуу;
– СЭӨПтү ишке ашырууга катышуу;
– СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүгө катышуу.

17. Жарандардын катышуусу Методиканын өтмө принциби болуп саналат жана СЭӨПтү иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун алгоритминин элементтери катары анын тиешелүү бөлүмдөрүндө баяндалган.

## 3-бөлүм. СЭӨПнын мазмуну жана бөлүмдөрү

18. Райондун СЭӨП төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт:

1) Райондун жалпы мүнөздөмөлөрү:

– географиялык абал;

– ландшафт жана жаратылыш шарттары;

– курамы (муниципалитеттер);

– аянт жана калк.

2) Өнүгүү үчүн ресурстар:

– өнүктүрүү бюджетин түзүү булактары жана бюджеттик инвестициялардын планы;

– ресурстук чектөөлөр.

3) Райондун экономикалык өнүгүүсү жана экономикалык адистешүүсү:

– өндүрүш жана өндүрүш фонддору;

– түз инвестициялар;

– калктын кирешеси

– экономикалык өнүгүүгө тиешелүү бюджеттик инвестициялар, улуттук долбоорлор;

– райондун экономикалык адистешүүсү (аймак ичиндеги, аймак аралык);

– тармактык профилдер, тармактык программалар менен байланыш.

4) Калк:

– жалпы туруктуу калк;

– эмгекке жарамдуу калк;

– иш менен камсыз болгон жана жумушсуз калк жана иш менен камсыз кылуу маселелери;

– миграция жана демография маселелери.

5) Социалдык инфраструктура:

– мамлекеттик сектордун тармактары боюнча социалдык инфраструктураны өнүктүрүү маселелери, тармактык программалар менен байланыш;

– социалдык инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестициялар, улуттук долбоорлор.

6) Мейкиндик:

– Аймакты укуктук зоналарга бөлүү, укуктук зоналардын чегинде пайдаланылуучу жана пайдаланылбаган мейкиндиктердин балансы;

– Жер ресурстарын пайдалануу боюнча жаратылышты коргоо жагынан чектөөлөрү;

– Мамлекеттик программалардын негизинде мейкиндикти өнүктүрүүнүн чектөөлөрү жана перспективалары.

7) Айлана-чөйрө:

– жаратылыш чөйрөсүнүн абалы, экологиялык тобокелдиктер жана коркунучтар;

– суу ресурстарынын, мөңгүлөрдүн абалы;

– жаратылыш аймактарынын: токойлордун, жайыттардын жана башка экосистемалардын абалы;

– жер ресурстарынын абалы;
– атмосфералык абанын абалы;
– өндүрүштүн жана жеке сектордун энергетикалык натыйжалуулугу;
– катуу тиричилик калдыктарды башкаруу
– жаратылыш ресурстарын башкаруу
– климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо чаралары.

19. Бул бөлүмдөрдүн ар бири ушул Методологиянын 1-тиркемесинде келтирилген СЭӨП документинин форматында жогоруда көрсөтүлгөн ыраатуулукта өзүнчө сүрөттөлөт.

20. Алдыга коюлган максаттарга жетишүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана калыптандыруу да аныкталган көйгөйлөрдүн негизинде ишке ашырылууга тийиш, аларды чечүү максатка карай эң кыска жол менен же мүмкүн болушунча алга жылууга мүмкүндүк берет.

21. Бөлүмдөрдүн ар бирин түзүү боюнча аракеттердин ыраатуулугу ушул Методологиянын 4-бөлүмүндө келтирилген Алгоритмде баяндалган.

## 4-бөлүм. СЭӨПтү иштеп чыгуу алгоритми

22. Бул Алгоритм райондун СЭӨПтүн долбоорун иштеп чыгуу боюнча иштин мөөнөттөрүн, ыкмаларын / механизмдерин жана натыйжаларын деталдуу сүрөттөгөн кадамдык колдонмо болуп саналат.

23. Алгоритмде "Санарип Аймак" тутумуна маалыматтарды киргизүү жана андан электрондук отчетторду алуу жолу менен аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн автоматташтырылган модели менен иштөө каралган. СЭӨПтүн долбооруна "Санарип Аймак" АМТ модулунан маалыматтар киргизилиши керек болгон жерде "Модель" белгиси бар.

24. СЭӨПтү иштеп чыгуу ЖӨБ органдары, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана пландоонун кыйла жогорку региондук деңгээли (облус) менен маалымат алмашууну болжолдойт. Алгоритмде мындай алмашуу каралган жерде "**Бириктирүүчү түйүн**" белгиси бар.

25. Алгоритм маалыматтардын жеткиликтүү жана мүмкүн болгон булактарын сунуштайт, бул үчүн анда "**Маалымат булактары**" белгиси бар.

26. СЭӨПтү иштеп чыгуу процессинде Алгоритмде көрсөтүлгөн иш-аракеттердин ыраатуулугун сактоо сунушталат. Иш-аракеттерди аткаруу механизмдери суроо түрүндө сүрөттөлөт. Каалаган натыйжага жетүү үчүн суроолордун баарына же көпчүлүгүнө жооп берүү сунушталат. Ошондой эле СЭӨПтү Иштеп чыгуучулар зарыл деп эсептесе, суроолордо айтылбаган маалыматты кошууга болот.

27. ! Алгоритмде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү, ыкмаларды жана натыйжаларды өзгөртүү / бурмалоо сунушталбайт.

28. Райондун СЭӨПтү иштеп чыгуу процесси эки фазага бөлүнгөнүнө көңүл буруу зарыл – ЖӨБ органдарынын СЭӨПтү иштеп чыгууга чейин ("жогорудан төмөн карай" берүү үчүн маалыматты даярдоо) жана ЖӨБ органдарынын СЭӨПтү иштеп чыккандан кийин ("төмөндөн жогору" маалымат алуу), бул төмөндөгү схемада көрсөтүлгөн:




29. Жогорудан төмөн жана төмөндөн жогору маалымат алмашуу каражаттары, ошондой эле мындай маалыматтын түрлөрү СЭӨПтү иштеп чыгуу алгоритминин "бириктирүүчү түйүндөрүндө" кеңири сүрөттөлгөн.

30. Алгоритм 9 кадамдын ырааттуулугун камтыйт, ал кадамдар алардын аткаруу мөөнөтүнө байланган:

| **Календарь** | **Узактыгы** | **Кадам номери** | **Кадамдын иш-аракети** |
|---|---|---|---|
| **I фаза:** | | | |
| 1- февраль - 5- февраль | 5 күн | 1-кадам | СЭӨПтүн жумушчу тобун түзүү жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңешти чакыруу |
| 6- февраль - 20- февраль | Эки жума | 2-кадам | "Ресурстарды баалоо" бөлүмүн даярдоо |
| 21- февраль - 7- март | Эки жума | 3-кадам | "Экономикалык өнүгүү" бөлүмүн "экономикалык адистештирүү жана тармактык программалар" бөлүгүндө даярдоо |
| тыныгуу | | | |
| **II фаза:** | | | |
| 1- июнь - 10- июнь | 10 күн | 4-кадам | "Калк" бөлүмүн даярдоо |
| 11-июнь - 25- июнь | Эки жума | 5-кадам | "Экономикалык өнүгүү" бөлүмүн даярдоону улантуу |
| 25 июня - 05 июля | 10 күн | 6-кадам | "Социалдык инфраструктура" бөлүмүн даярдоо |
| 5- июль – 10- | 5 күн | 7-кадам | "Мейкиндик" бөлүмүн даярдоо |

| Календарь | Узактыгы | Кадам номери | Кадамдын иш-аракети |
|---|---|---|---|
| июль | | | |
| 11- июль – 16- июль | 5 күн | 8-кадам | “Айлана-чөйрө” бөлүмүн даярдоо |
| 17- июль – 24- июль | Бир жума | 9-кадам | СЭӨПтүн коомдук талкуусу |
| 24- июль – 1- август | Бир жума | | СЭӨПтү бекитүү |

*Алгоритмди аткаруунун алдында жумушчу топ СЭӨПтүн документинин Шаблонуна (ушул Методологиянын 1-Тиркемеси) анда чагылдырылган көрсөткүчтөр бөлүгүнө көңүл бурушу керек. Шаблонду изилдөө жана анын көрсөткүчтөрү боюнча маалыматты чогултууну СЭӨПтү иштеп чыгууга чейин эле баштоо сунушталат.*

**31. Алгоритм:**

**I-фаза:**

| 1-КАДАМ | **Социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча жумушчу топту жана Координациялык кеңешти түзүү** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | башталышы: *1- февраль* | аякталышы: *5- февраль* | |
| **1.1.** | Жумушчу топту түзүү жөнүндө ЖМАнын башчысынын буйругу даярдалат жана бекитилет. Жумушчу топ буйрукка кол коюлган күндөн тартып иштейт. | | |
| **Жыйынтык:** | Ушул Методиканын **2-тиркемесинде** келтирилген форма боюнча чыгарылган Буйрук;<br>Түзүлгөн жумушчу топ. | | |
| **1.2.** | Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын районду социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча координациялык кеңеш жөнүндө жобону бекитүү тууралуу буйругу даярдалат жана бекитилет. Координациялык кеңеш аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коммерциялык жана коммерциялык эмес, эл аралык жана башка уюмдардын, ошондой эле жарандардын районду социалдык-экономикалык өнүктүрүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүүсүн координациялоо максатында түзүлгөн консультациялык-кеңеш берүүчү орган болуп саналат.<br>Буйрук менен Координациялык кеңештин курамы да бекитилет.<br>Координациялык кеңештин курамы тең салмактуу болушу сунушталат: мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – 33%, жарандык коом жана жергиликтүү жамааттар – 33%, бизнес – 33%).<br>Эгерде Координациялык кеңеш мурда түзүлгөн болсо жана ал жөнүндө жобо СЭӨПтү иштеп чыгуу процесси башталганга чейин бекитилген болсо, анда жобону кайталап бекитүү талап кылынбайт.<br>Координациялык кеңештин отурумдары ушул Алгоритмдин аткарылышына жараша ЖМАнын жумушчу тобу тарабынан уюштурулат. | | |
| **Жыйынтык:** | Буйрук, форма боюнча, ушул Методологиянын **3-тиркемесинде** келтирилген, анын типтүү формасы ушул Методологиянын **8-тиркемесинде** келтирилген. | | |

↓

| 2-КАДАМ | “Ресурстарды баалоо” бөлүмүн даярдоо | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | баштальшы: *6-февраль* | аяктальшы: | *20- февраль* |

СЭӨПтү иштеп чыгуу үчүн өнүгүү үчүн ресурстарды жана алардын көлөмүнүн чектөөлөрүн аныктоо керек. Районду өнүктүрүүнүн каржылык инструменттери болуп Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык түзүлүүчү өнүктүрүү фонддору (фонду) саналат.

**2.1.** Жумушчу топ СЭӨП документинин Шаблонунун 7-бөлүмүнүн 7.1-бөлүмчөсүндө камтылган көрсөткүчтөр тобу боюнча маалыматтарды чогултат:

- өнүктүрүү фондуна(фонддоруна) булактар боюнча түшкөн каражаттар;
- аймактарды өнүктүрүү бюджети (чыгымдары), анын ичинде:
  - капиталдык салымдар (ЖӨБдүн жергиликтүү бюджеттери)
  - капиталдык салымдар (республикалык бюджет)
  - мамлекеттик инвестициялардын программасы (республикалык бюджет)
  - өнүктүрүү фонду(дору), анын ичинде:
    - социалдык инфраструктурага инвестициялар
    - экономиканы өнүктүрүүгө инвестициялар
    - бюджеттер аралык трансферттер

| | |
|---|---|
| **Маалымат булактары:** | – өткөн жылы даярдалган ресурстардын прогнозу;<br>– бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган-өнүктүрүү фондуна түшүүлөр жөнүндө маалымат жана өнүктүрүү бюджетин түзүүнүн башка булактары, республикалык бюджеттен Капиталдык салымдар жөнүндө маалымат (республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесинен);<br>– экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган-улуттук долбоорлорду ишке ашыруу жөнүндө маалымат;<br>– тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрү-өнүктүрүүнүн тармактык программалары жөнүндө маалымат;<br>– ЖМАнын кароосу боюнча башка ишенимдүү маалымат булактары. |
| **Модель** | “Санарип Аймак” тутумунун “Бюджет” модулу маалыматтарды толтуруу үчүн уячаларды, анын ичинде жогоруда саналып өткөн параметрлер боюнча иш жүзүндөгү маалыматтарды жана болжолдоого таасир этиши мүмкүн болгон кошумча параметрлерди камтыйт.<br>! Модель жок болгон учурда, прогноздун базалык багыты кол менен ушундай жол менен эсептелет: - өсүштүн орточо пайызын алуу үчүн, өсүштүн пайызы эсептелет (бир жылдын фактысы мурунку фактыга бөлүнөт, натыйжа 100гө көбөйтүлөт жана 100 кемитилет), акыркы үч жылдын ичинде алынган өсүштүн пайызы кошулуп, үчкө бөлүнөт. Прогнозду алуу үчүн үчүнчү фактылык жылга өсүштүн орточо пайызын кошуу керек. Кийинки прогноздук жыл үчүн ушул эле орточо пайыз мурунку эсептелген мааниге кошулат. Прогноз бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан жана/же өкүлдөрү жумушчу топко |

| 2-КАДАМ | **“Ресурстарды баалоо” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| | кирген башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан алынган маалыматтардын жардамы менен оңдолушу мүмкүн. |
| **Жыйынтык:** | Алынган иш жүзүндөгү маалыматтар жана болжолдуу натыйжалар СЭӨП документинин шаблонунун **7-бөлүмүндөгү 7.1-таблицага** көчүрүлөт/киргизилет, долбоорлордун таблицасы кошулат. |
| **2.2.** Жумушчу топ СЭӨПтү ишке ашыруу үчүн жеткиликтүү болгон **ресурстарга кыскача анализ** даярдайт. Бул үчүн төмөнкү суроолорго жооп бериш керек:<br>– районду өнүктүрүү фондунун (фонддорунун) көлөмдөрүнүн динамикасына кандай тенденциялар (көбөйүү / төмөндөө) мүнөздүү? Көбөйүүнүн же төмөндөөнүн себептери эмнеде<br>– долбоорлор фонддун (фонддордун) эсебинен кайсы багыттарда (салыштырма салмактарын көрсөтүү менен) ишке ашырылат?<br>– кандай тышкы же ички факторлор өнүгүү фондун (фонддорун) түзүү булактарына олуттуу таасир этиши мүмкүн? Мисалы, улуттук долбоорлор аркылуу ири өндүрүштөрдү түзүү же айрым айыл чарба продукцияларына суроо-талапты азайтуу.<br>– пландалган жана божомолдонгон мезгилде кандай уланып жаткан же жаңы капиталдык салымдардын долбоорлору же мамлекеттик инвестициялар программасынын долбоорлору күтүлүүдө?<br>– райондү өнүктүрүү ресурстарынын көлөмүнө кайсы улуттук деңгээлдеги мамлекеттик программалар же тармактык программалар таасир этиши мүмкүн? | |
| **“Бириктирүүчү түйүн”** | СЭӨПтүн бул бөлүмүн иштеп чыгууда райондун курамына кирген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына алардын аймагына тиешелүү болгон мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун, улуттук долбоорлорду жана республикалык бюджеттен капиталдык салымдардын долбоорлорун каржылоонун болгон жана күтүлүп жаткан көлөмдөрү жана/же ишке киргизилип жаткан кубаттуулуктары жөнүндө маалымдоо зарыл. Бул фазада маалымат "жогорудан төмөн карай" жүрөт - ЖӨБдүн аткаруучу органдары өздөрүнүн СЭӨП иштеп чыгууда өздөрүнүн инвестициялык муктаждыктарын пландаштырууда аларды эске алышат. Маалымат алмашуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:<br>– Алгоритмдин бул кадамын ишке ашыруу аяктагандан кийин бардык ЖӨБ аткаруучу органдарына өнүктүрүү бюджетинин планынын көчүрмөсү (ушул Методологиянын **4-тиркемеси**) ушул фазада түзүлгөн түрүндө жиберилет;<br>– ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндөгү электрондук суроо-талаптарына жооптор. |
| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨПнын документ Шаблонунун 7-бөлүмүнүн 7.2-бөлүмчөсүнө киргизилет, инвестициялык долбоорлор боюнча маалымат "МИД жана республикалык бюджеттен капиталдык салымдардын долбоорлору, тармактык программалардын чаралары" бөлүгүндөгү багыттар боюнча өнүктүрүү бюджетинин Планынын формасына (ушул Методиканын **4-тиркемеси**) киргизилет. |

↓

| 3-КАДАМ | **“Региондорду экономикалык адистештирүү жана тармактык программалар” бөлүгүндө “Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоо** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** башталышы: | *21-февраль* | аякталышы: | *7- март* |

**3.1.** Жумушчу топ, райондун экономикалык адистешүүсүнө анализ жүргүзөт: төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:

- райондун аймагында иш менен камсыз болгон калк экономиканын кайсы тармактарында көбүрөөк топтолгон?
- райондун аймагында өндүрүштүн жергиликтүү жагымдуу факторлору барбы (чийки зат, көндүмдөр, өзгөчө шарттар, салттар, логистикалык борборлор)?
- эгерде райондун так аныкталган экономикалык адистиги жок болсо – аны түзүүгө болобу? Бул регионалдык, региондор аралык жана өлкөлүк интеграция маселелери менен кандайча шайкеш келет? Мындай интеграциянын алкагында башка райондор менен байланыш кантип ишке ашырылат?
- перспективдүү тармакты өнүктүрүү үчүн өндүрүштүн кайсы факторлору жетишсиз (чийки зат, аралык кайра иштетүү, логистика, маркетинг, эмгек ресурстары, энергия, материалдар ж. б.)?
- жергиликтүү рыноктун коңшу рыноктор менен өз ара аракеттешүү маселелеринде кандай көйгөйлөр же артыкчылыктар бар?
- пландоонун райондук деңгээли жергиликтүү өндүрүүчүлөргө / кызмат көрсөтүүчүлөргө жана ЖӨБ органдарына келечектүү тармактарды өнүктүрүү маселелеринде кандай колдоо көрсөтөт? Бул колдоонун кандай формалары бар? Бул колдоо жетиштүүбү? Эгер жетишсиз болсо, анда дагы эмне кылса болот? Райондун жергиликтүү өз алдынча башкаруулары кандай колдоо сурап жатышат?
- районго тиешелүү аймактарда кандай мамлекеттик инвестициялык долбоорлор жана мамлекеттик масштабдагы долбоорлор, тармактык программалардын алкагындагы иш-чаралар аткарылат?

**3.2.** Жумушчу топ тармактык программалардын райондун аймагына тийгизген таасирин талдайт жана төмөнкү суроолорго жооп берет:

- СЭӨПтү иштеп чыгууда алардын райондун социалдык инфраструктурасына же экономикасына тийгизген таасири жагынан тармактык программалардын кайсы багыттарына өзгөчө көңүл буруу талап кылынат?
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына тармактык программалардын кандай чараларын же ниеттерин жеткирүү зарыл?
- райондун аймагында тармактык программалардын алкагында кандай масштабдуу чаралар, инвестициялык долбоорлор жана маанилүү техникалык жардам долбоорлору ишке ашырылууда?
- региондо кандай инклюзивдик өсүү / өнүгүү программалары ишке ашырылып жатат?
- климаттын өзгөрүшү жана анын айыл чарбасына тийгизген таасири боюнча аймактын аймактары үчүн кандай прогноздор бар?
- райондун аймактары үчүн айлана-чөйрөнүн абалы жана анын калкка жана экономикага тийгизген таасири жөнүндө кандай башка маалыматтар жеткиликтүү (табигый кырсыктардын тобокелдиктери, кендерди иштетүү тобокелдиктери, ири инфраструктура объекттерин куруу тобокелдиктери)?

| **Маалымат булактары:** | – мурунку мезгилдердин СЭӨП;<br>– “Санарип Аймак” системасынын “Чарба китеби” |
|---|---|

| 3-КАДАМ | **“Региондорду экономикалык адистештирүү жана тармактык программалар” бөлүгүндө “Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| | модулу;<br>– “Санарип Аймак” системасынын “Комплекстүү пландаштыруу тутуму” модулу;<br>– Улуттук статистикадан маалыматтар;<br>– тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрү- өнүктүрүүнүн тармактык программалары жөнүндө маалымат;<br>– ЖМАнын кароосу боюнча башка ишенимдүү маалымат булактары. |
| **«Бириктирүүчү түйүн» төмөн** | СЭӨПтүн бул бөлүмүн иштеп чыгууда райондун курамына кирген ЖӨБдүн аткаруучу органдарына райондун экономикалык адистешүүсү, өнүктүрүүнүн тармактык программаларынын маанилүү чаралары, мамлекеттик инвестициялардын долбоорлору, жана жогорудагы **3.1 жана 3.2**-пункттарда чагылдырылган башка маселелер жөнүндө маалымдоо зарыл. Бул фазада маалымат “жогорудан төмөн карай” жүрөт - ЖӨБдүн аткаруучу органдары өздөрүнүн инвестициялык керектөөлөрүн жана СЭӨПтү иштеп чыгууда чараларын пландаштырууда аларды эске алышат. Маалымат алмашуу төмөнкүдөй жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>- Бардык ЖӨБ аткаруу органдарына Алгоритмдин биринчи фазасын ишке ашыруу аяктагандан кийин өнүктүрүү бюджетинин планынын көчүрмөсү (ушул Методологиянын 4-тиркемеси) жиберилет;<br>- ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндөгү электрондук суроо-талаптарына жооптор. |
| **Результат:** | Суроолорго жооптор СЭӨПтүн **4-бөлүмүнүн 4.4-бөлүмчөсүнө** киргизилет.<br>Тармактык программалардын алкагында райондун аймагында ишке ашырылуучу масштабдуу чаралар, инвестициялык долбоорлор жана техникалык жардамдын маанилүү долбоорлору өнүктүрүү бюджетинин планынын (ушул Методологиянын 4-тиркемеси) багыттары боюнча тиешелүү “МИД жана республикалык бюджеттен капиталдык салымдардын долбоорлору, тармактык программалардын чаралары” бөлүгүндө киргизилет. |

↓

**1-июнга чейин тыныгуу**

↓

**II фаза:**

↓

| 4-КАДАМ | **“Калк” бөлүмүн даярдоо** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | башталышы: *1-июнь:* | аякталышы: | *10-июнь* |

**4.1.** Жумушчу топ “Санарип Аймак” системасынын “Чарба китеби” модулунда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу орандары тарабынан чогултулган маалыматтарды талдайт. Маалыматтардын форматы СЭӨПтүн документ Шаблонунун **2-бөлүмүндө** берилген. Ал төмөнкү параметрлерди камтыйт:

| 4-КАДАМ | **“Калк” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| – жалпы калк (жыл башындагы туруктуу калк, адам);<br>– эмгекке жарамдуу калк (жыл башындагы туруктуу калк, адам);<br>– иш менен камсыз болгон калк (адам) (негизги секторлор боюнча);<br>– жумушсуз калк (эмгекке жарамдуу жумушсуз калк, адам) өсүш темпи;<br>– жакырчылыктын чегинен төмөн турган калк (адам);<br>– миграцияланган эмгекке жарамдуу калк (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | |
| **Маалымат булактары:** | – “Санарип Аймак” системасынын “Чарба китеби” модулу;<br>– Жарандарды мамлекеттик каттоонун статистикалык маалыматтары;<br>– ЖМАнын кароосу боюнча ишенимдүү маалыматтардын башка булактары. |
| **Модель** | “Санарип Аймак” системасынын “Чарба китеби” модулу жергиликтүү өз алдыча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан дайыма киргизилип турган калк боюнча маалыматтарды жана ошол эле мезгилге ЖӨБОнун СЭӨПтү иштеп чыгууда жасаган прогноздору камтыйт. Региондук пландоо деңгээлинде, система ЖӨБО боюнча маалыматтарды суммалап, жалпы район боюнча көрсөткүчтөрдүн маанисин берет. Зарыл болгон учурда ЖМА маалыматтарды жалпы прогнозго таасир этиши мүмкүн болгон параметрлер менен толуктай алат, алар “Санарип Аймак” системасынын "калк боюнча кошумча параметрлер" бөлүмчөсүндө көрсөтүлгөн. Кошумча маалыматтар киргизилгенден кийин, "прогнозду эсептөө"моделинин буйругу берилет.<br>! <u>Модель жок болгон учурда</u> маалыматтар региондун пландоо деңгээлине сунушталган ЖӨБ СЭӨПтүн долбоорлорунан суммаланат (ЖӨБ СЭӨПтүн 2-бөлүмүн караңыз) |
| **Жыйынтык:** | Алынган фактылык маалыматтар жана прогноздун натыйжалары СЭӨП документтин Шаблонунун **2-бөлүмүндө 2.1-таблицага** көчүрүлөт / киргизилет. |
| Алынган маалыматтардын негизинде жумушчу топ төмөнкүлөрдү аткарат:<br>**4.2.**<u>Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүнүн, жумушсуздуктун жана миграция маселелеринин анализи</u>: төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:<br>– аймактагы эмгекке жарамдуу калктын санынын азайышынын же көбөйүшүнүн кандай себептери болушу мүмкүн?<br>– аймактын эмгекке жарамдуу калкынын санынын өсүшүн камсыз кылуу жана алардын кетүүсүн азайтуу үчүн кандай чараларды көрүүгө болот?<br>– жумушсуз калктын санынын азайышынын же көбөйүшүнүн себептери эмнеде?<br>– жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү үчүн кандай чараларды көрүүгө болот?<br>– аталган маселелердин бардыгы боюнча ЖӨБ тарабынан кандай чаралар сунушталууда?<br>– аялуу топтордун ар биринде жумуштуулуктун деңгээлин жогорулатуу үчүн кандай чараларды көрүүгө болот? Бул чөйрөдөгү мамлекеттик программалар үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кандай өзгөртүүлөрдү сунуш кылуу керек? | |

| 4-КАДАМ | **“Калк” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| **“Бириктирүүчү түйүн” төмөндөн** | СЭӨПтүн бул бөлүмүн иштеп чыгууда региондук пландоо деңгээли “Санарип Аймак” системасы аркылуу бул бөлүмдүн көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтарды алат (“төмөндөн жогору”).<br>Райондун СЭӨПтү иштеп чыгуу аяктагандан кийин ал ЖӨБ аткаруу органдарына район сунуш кылган чаралар жагынан түзөтүүлөрдү киргизүү же кийинки мезгилдеги СЭӨПгө эсепке алуу үчүн жеткирилет. Маалымат алмашуу төмөнкүдөй жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>– ЖӨБдүн бардык аткаруучу органдарына Алгоритмдин экинчи фазасын ишке ашыруу аяктагандан кийин райондун СЭӨПтүн көчүрмөсү жөнөтүлөт;<br>– ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндөгү электрондук суроо-талаптарына жооптор. |
| **“Бириктирүүчү түйүн” жогору** | Өнүктүрүүнүн тармактык программалары жогорудан төмөн карай (жумушчу топ тармактык программаларды СЭӨПтү пландоодо алардын багыттары жана чаралары бөлүгүндө эске алат), ошондой эле төмөндөн жогору карай багыттарды (СЭӨПтү түзүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрүнө кирген жумушчу топтун мүчөлөрү көйгөйлөрдү, муктаждыктарды аныкташат жана өнүктүрүүнүн тармактык программаларын түзүү жана оңдоо максатында аларды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга өткөрүп беришет) эске алуу менен түзүлүшү керек. |
| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨП документинин Шаблонунун 2-бөлүмүнүн 2.2-бөлүмчөсүнө киргизилет. Иштелип чыккан чаралар жана иш-чаралар СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын 1-бөлүмүнө (ушул Методиканын 7-тиркемеси) пландын форматы талап кылган бардык деталдарды көрсөтүү менен киргизилет |

↓

| 5-КАДАМ | **“Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоону улантуу** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | башталышы: *25- июнь* | аякталышы: | *5- июль* |

**5.1.**Жумушчу топ СЭӨП документинин Шаблонунун **3-бөлүмүнүн 3.1-таблицасында** камтылган көрсөткүчтөрдүн тобу боюнча маалыматтарды, анын ичинде төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү анализдейт:

– өндүрүштүк фонддор;
– экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүүлөр;
– түз инвестициялар;
– калктын кирешелери.

Экономиканы өнүктүрүүнүн абалы жөнүндө учурдагы кырдаалды кыскача талдоо төмөнкү суроолорго жоопторду камтууга тийиш:

– айыл аймактарынын жана шаарлардын экономикасын өнүктүрүүгө

| 5-КАДАМ | **“Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоону улантуу** |
|---|---|

кандай көйгөйлөр тоскоол болууда? *Мисалы, рыноктун же чийки заттын жоктугу же алыстыгы, эмгекке жарамдуу калктын жетишсиздиги.*

- кайсы тармактар тез өнүгүп жатат, кайсынысы жайыраак жана эмне үчүн?
- райондун аймагында кайсы тармактардын экономикалык потенциалы бар?
- азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун кандай маселелери регион үчүн азыр актуалдуу жана келечекте актуалдуу болот?
- кайсы секторлор аялуу топтор үчүн жумуш орундарын түзө алат? Аялуу топторго тармакка /секторго кирүү үчүн кандай көндүмдөр керек?

Бул суроолорго жооптор аймактагы кырдаалды кыскача сүрөттөшү керек. Экономиканын негизги тармактарынын негизги мүнөздөмөлөрү ушул Методиканын **5-тиркемесинде** келтирилген форматта тармактык профилдерде баяндалат. Жумушчу топко кирген тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү экономикага тиешеси бар төмөнкү тармактар үчүн тармактык профилдерди түзүүгө жардам беришет:

- айыл чарбасы;
- энергетика;
- транспорт жана байланыш
- өнөр жай
- соода;
- туризм;
- тоо-кен;
- жаратман жана жашыл экономика.

*Бул тармактык профилдердин сунушталган тизмеси, аны СЭӨПтүн жумушчу тобунун кароосу боюнча башка тармактар менен толуктоого болот.*

| | |
|---|---|
| **Маалымат булактары:** | – мурунку мезгилдердин СЭӨП;<br>– улуттук статистикадан маалыматтар<br>– “Санарип Аймак” системасынын “Комплекстүү пландаштыруу тутуму” модулу;<br>– тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрү-өнүктүрүүнүн тармактык программалары жөнүндө маалымат;<br>– ЖМАга келип түшкөн кыйыр маалыматтар (суроо-талаптарга жооптор, иштиктүү кат алышуулар, ММКдагы жарыялоолор (айрым учурларда көрсөткүчтөрдүн маанисин тактоо үчүн колдонулат);<br>– ЖМАга берилген аймактардын СЭӨП;<br>– ЖМАнын кароосу боюнча башка ишенимдүү маалымат булактары. |
| **Модель** | “Санарип Аймак” системасынын “Комплекстүү пландаштыруу тутуму” модулу Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу |

<table>
<tr><td>5-КАДАМ</td><td>“Экономикалык өнүгүү” бөлүмүн даярдоону улантуу</td></tr>
<tr><td></td><td>органдары тарабынан дайыма киргизилип турган социалдык инфраструктуранын негизги көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтарды жана ошол эле мезгилге ЖӨБдүн аткаруу органдары СЭӨПтү иштеп чыгууда жасаган прогноздорду камтыйт. Райондук пландоо деңгээлинде, система ЖӨБ боюнча маалыматтарды суммалап, жалпы район боюнча көрсөткүчтөрдүн маанисин берет. Зарыл болгон учурда ЖМА маалыматтарды жалпы прогнозго таасир этиши мүмкүн болгон параметрлер менен толуктай алат. Кошумча маалыматтар киргизилгенден кийин, "прогнозду эсептөө" моделинин буйругу берилет.<br><br>! <u>Модель жок болгон учурда</u> маалыматтар райондук пландоо деңгээлине сунушталган ЖӨБ СЭӨПтүн долбоорлорунан суммаланат (ЖӨБ СЭӨПтүн 2-бөлүмүн караңыз)</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td>Алынган иш жүзүндөгү маалыматтар жана болжолдоонун натыйжалары СЭӨП документинин Шаблонунун 3-бөлүмүндөгү 3.1-таблицасына көчүрүлөт/ киргизилет.<br>Суроолорго жооптор СЭӨПтүн документ Шаблонунун 3-бөлүмүнүн 3.2-бөлүмчөсүнө (негизги багыттар) киргизилет, кененирээк маалымат тармактык профилдердин формасына киргизилет (шаблон ушул Методиканын 5-тиркемесинде келтирилген).</td></tr>
<tr><td>5.1.</td><td>Жумушчу топ алынган маалыматтарды жана аймактардын СЭӨПтү пайдалануу менен социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеш менен төмөнкү темалар боюнча талкууларды уюштурат жана өткөрөт:<br><u>Экономикалык өнүгүү суроолору боюнча аймактардын жергиликтүү жамааттарынын муктаждыктарынын анализи:</u> төмөнкү маселелерди талкуулоо керек:<br>– жергиликтүү жамааттардын керектөөлөрү тармактык программаларда чагылдырылганбы?<br>– тармактык программалардын жана пландаштырылган бюджеттик инвестициялык долбоорлордун кандай чаралары бул муктаждыктардын бир бөлүгүн канааттандыра алат?<br>– калктын аярлуу катмары аялуу категориядан экономикалык активдүү категорияга өтүү үчүн кандай жардамга муктаж?<br>– экономикалык тармактарды өнүктүрүү үчүн райондук деңгээлде кандай чараларды көрүүгө болот?<br>– экономиканы өнүктүрүү боюнча чараларды ишке ашыруу үчүн өнүктүрүү фонддорун кантип колдонсо болот? Өткөн мезгилде райондун СЭӨПтү ишке ашырууда кандай долбоорлор пландаштырылган жана кайсынысын өнүктүрүү фондунан(фонддорунан) каржылоо үчүн пландаштырылган мезгилге артыкчылыктуу багыт катары тандап алса болот?</td></tr>
<tr><td>«Бириктирүүчү түйүн» төмөндөн</td><td>Райондун СЭӨПтүн бул бөлүмүн иштеп чыгуу учурунда ЖӨБдүн СЭӨП ЖМАга берилүүгө тийиш. СЭӨП экономикалык өнүктүрүү маселелеринде ЖӨБдүн жергиликтүү жамааттарынын артыкчылыктуу муктаждыктарын талкуулоо үчүн пайдаланылат.</td></tr>
</table>

| 5-КАДАМ | "Экономикалык өнүгүү" бөлүмүн даярдоону улантуу |
|---|---|
| | Бул этапта маалымат "төмөндөн жогору карай" жүрөт - ЖӨБдүн аткаруучу органы пландоонун райондук деңгээлин өзүнүн инвестициялык муктаждыктары жөнүндө маалымдайт. Маалымат алмашуу төмөнкүдөй жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>- ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндөгү же электрондук суроо-талаптары;<br>- келип түшкөн аймактардын СЭӨП. |
| «Бириктирүүчү түйүн» жогору | Өнүктүрүүнүн тармактык программалары төмөнкүдөй түзүлөт: жумушчу топ СЭӨПтү пландоодо тармактык программаларды алардын багыттары жана чаралары жагынан эске алат; ошол эле убакта райондук СЭӨПтү түзүүдө региондук бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн ичинен жумушчу топтун мүчөлөрү көйгөйлөрдү жана муктаждыктарды аныкташат жана аларды өнүктүрүүнүн тармактык программаларын түзүү жана оңдоо максаттары үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга өткөрүп беришет. |
| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨПтүн документ Шаблонунун **3-бөлүмүнүн 3.3, 3.4-бөлүмчөсүнө** (негизги багыттар) киргизилет, кененирээк маалымат тармактык профилдердин формасына киргизилет (шаблон ушул Методиканын 5-тиркемесинде келтирилген).<br>Учурдагы же пландаштырылган инвестициялык долбоорлор жөнүндө маалымат өнүктүрүү бюджетинин планынын багыттары боюнча тиешелүү бөлүмдөргө (ушул Методиканын 4-тиркемеси) "МИД жана республикалык бюджеттен капиталдык салымдардын долбоорлору, тармактык программалардын чаралары" бөлүгүндө киргизилет.<br>! Тармактык профилдердеги инвестициялык долбоорлор жөнүндө маалыматты өнүктүрүү бюджетинин Планындагы маалымат менен салыштырууга мүмкүн болушу керек.<br>Иштелип чыккан чаралар жана иш-чаралар СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын 2-бөлүмүнө (**ушул Методканын 7-тиркемеси**) пландын форматы талап кылган бардык деталдарды көрсөтүү менен киргизилет. |

↓

| 6-КАДАМ | "Социалдык инфраструктура" бөлүмүн даярдоо | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | башталышы: *11- июнь* | аяктальшы: | *25- июнь* |

1.1.Жумушчу топ СЭӨП Документинин шаблонунун **4-бөлүмүнүн 4.1-таблицасында** камтылган индикаторлордун тобу боюнча маалыматтарды талдайт (турмуш-тиричиликти камсыздоо, спорт, маданият, саламаттыкты сактоо, билим берүү ж.б. негизги көрсөткүчтөр). Социалдык инфраструктуранын абалы боюнча учурдагы кырдаалга кыскача талдоо төмөнкү суроолорго жоопторду камтууга тийиш:

- аймактын калкы үчүн социалдык инфраструктуралык кызматтардын жеткиликтүүлүгүндө (камтууда) көйгөйлөр барбы?
- аймактын калкы үчүн социалдык инфраструктуралык кызматтардын сапатында көйгөйлөр барбы?

| 6-КАДАМ | **“Социалдык инфраструктура” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| | – бюджет тартыштыгынан башка алардын себептери эмнеде?<br>– кызмат көрсөтүүчүлөрдүн финансылык абалы кандай, мисалы, тарифтер, кардарлардын саны?<br>– белгиленген көйгөйлөрдү жана кемчиликтерди жоюу үчүн зарыл болгон кошумча ресурстардын болжолдуу көлөмү канча?<br>– абалды жакшыртууда кандай жетишкендиктер болду жана бул жетишкендиктерден кандай уюштуруучулук тажрыйба алынды?<br><br>Бул суроолорго жооптор аймактагы кырдаалды кыскача сүрөттөшү керек. Социалдык инфраструктуранын негизги тармактарынын негизги мүнөздөмөлөрү ушул Методиканын **5-тиркемесинде** келтирилген форматта тармактык профилдерде баяндалат. Жумушчу топко кирген тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү социалдык инфраструктурага тиешеси бар төмөнкү тармактар үчүн тармактык профилдерди түзүүгө жардам беришет:<br>– билим берүү;<br>– саламаттыкты сактоо;<br>– маданият жана спорт;<br>– суу менен камсыздоо жана канализация;<br>– катуу тиричилик калдыктарды утилизациялоо.<br>*Бул тармактык профилдердин сунушталган тизмеси, аны СЭӨПтүн жумушчу тобунун кароосу боюнча башка тармактар менен толуктоого болот.* |
| **Маалымат булактары:** | – мурунку мезгилдердин СЭӨП;<br>– улуттук статистикадан маалыматтар<br>– “Санарип Аймак” системасынын “Комплекстүү пландаштыруу тутуму” модулу;<br>– тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрү-өнүктүрүүнүн тармактык программалары жөнүндө маалымат;<br>– ЖМАга келип түшкөн кыйыр маалыматтар (суроо-талаптарга жооптор, иштиктүү кат алышуулар, ЖМКдагы жарыялоолор (айрым учурларда көрсөткүчтөрдүн маанисин тактоо үчүн колдонулат);<br>– ЖМАга берилген аймактардын СЭӨП;<br>– ЖМАнын кароосу боюнча башка ишенимдүү маалымат булактары. |
| **Модель** | “Санарип Аймак” системасынын “комплекстүү пландаштыруу системасы” модулу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан киргизилген социалдык инфраструктуранын негизги көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтарды жана ушул эле мезгилге ЖӨБдүн аткаруучу органдары тарабынан иштелип чыккан прогноздорду камтыйт. Райондук пландоо деңгээлде ЖӨБ боюнча маалыматтарды система жалпы район боюнча көрсөткүчтөрдүн маанисин берүү менен суммалайт. Зарыл болсо, ЖМА маалыматтарды жалпы прогнозго таасир эте турган параметрлер менен толуктай алат. |

<table>
<tr><td>6-КАДАМ</td><td>“Социалдык инфраструктура” бөлүмүн даярдоо</td></tr>
<tr><td></td><td>Кошумча маалыматтар киргизилгенден кийин, "прогнозду эсептөө" моделинин буйругу берилет.<br>! <u>Модель жок болгон учурда</u> маалыматтар райондук пландоо деңгээлине сунушталган ЖӨБ СЭӨПтүн долбоорлорунан суммаланат (ЖӨБ СЭӨПтүн 3-бөлүмүн караңыз)</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td>Алынган иш жүзүндөгү маалыматтар жана прогноздун натыйжалары СЭӨП документинин Шаблонунун 4-бөлүмүндөгү 4.1-таблицасына көчүрүлөт/ киргизилет.<br>Суроолорго жооптор СЭӨПтүн документ Шаблонунун 4-бөлүмүнүн 4.2-бөлүмчөсүнө (негизги багыттар) киргизилет, кененирээк маалымат тармактык профилдердин формасына киргизилет (шаблон ушул Методиканын 5-тиркемесинде келтирилген).</td></tr>
<tr><td colspan="2">Жумушчу топ, алынган маалыматтарды жана аймактардын СЭӨПтү пайдалануу менен социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча координациялык кеңеш менен төмөнкү темалар боюнча талкууларды уюштурат жана өткөрөт:<br>6.1. <u>ЖӨБ аймактарынын жергиликтүү жамааттарынын социалдык инфраструктура объекттериндеги муктаждыктарын талдоо:</u> төмөнкү маселелерди талкуулоо керек:<br>– тармактык программаларда жергиликтүү жамааттардын муктаждыктары чагылдырылдыбы?<br>– тармактык программалардын кандай чаралары жана бюджеттик инвестициялардын пландаштырылган долбоорлору муктаждыктардын бир бөлүгүн канааттандыра алат?<br>– калктын аялуу топтору кандай кызматтарга муктаж жана аялуу топтор үчүн бул кызматтарга жетүүдө тоскоолдуктар барбы?<br>– социалдык инфраструктуранын тармактарын өнүктүрүүнү колдоо үчүн райондук тармактык саясаттын кандай чаралары иштелип чыгышы мүмкүн?<br>– бул муктаждыктарды канааттандыруу үчүн өнүктүрүү фонддорун кантип колдонсо болот? Райондук СЭӨПтү ишке ашыруунун жүрүшүндө өткөн мезгилге кандай долбоорлор пландаштырылган жана өнүктүрүү фондунан каржылоо үчүн пландаштырылган мезгилге кандай артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алууга болот?</td></tr>
<tr><td>«Бириктирүүчү түйүн» төмөндөн</td><td>Райондун СЭӨПтүн бул бөлүмүн иштеп чыгуу учурунда ЖМАга аймактардын СЭӨП берилиши керек. СЭӨП экономикалык өнүгүү маселелериндеги аймактардын жергиликтүү жамааттарынын артыкчылыктуу муктаждыктарын талкуулоо үчүн пайдаланылат. Бул этапта маалымат "төмөндөн жогору" жүрөт - ЖӨБдүн аткаруучу органдары райондук пландоо деңгээлин өзүнүн инвестициялык муктаждыктары жөнүндө маалымдайт. Маалымат алмашуу төмөнкүдөй жүргүзүлүшү мүмкүн:<br>- ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндөгү же электрондук суроо-талаптары;<br>– келип түшкөн аймактардын СЭӨП.</td></tr>
<tr><td>«Бириктирүүчү түйүн» жогору</td><td>Өнүктүрүүнүн тармактык программалары эки тараптан түзүлүшү керек: жумушчу топ СЭӨПтү пландоодо тармактык программаларды алардын багыттары жана чаралары жагынан эске алат; ошол эле убакта райондук СЭӨПтү түзүүдө ыйгарым</td></tr>
</table>

| 6-КАДАМ | **“Социалдык инфраструктура” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| | укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрүнө кирген жумушчу топтун мүчөлөрү көйгөйлөрдү жана муктаждыктарды аныкташат жана аларды өнүктүрүүнүн тармактык программаларын түзүү жана оңдоо максаттары үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга өткөрүп беришет. |
| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨПтүн документ Шаблонунун **4-бөлүмүнүн 4.3 бөлүмчөсүнө** (негизги багыттар) киргизилет, кенениреэк маалымат тармактык профилдердин формасына киргизилет (шаблон ушул Методиканын **5-тиркемесинде** келтирилген).<br>Учурдагы же пландаштырылган инвестициялык долбоорлор жөнүндө маалымат өнүктүрүү бюджетинин планынын багыттары боюнча тиешелүү бөлүмдөргө (ушул Методиканын **4-тиркемеси**) "МИД жана республикалык бюджеттен капиталдык салымдардын долбоорлору, тармактык программалардын чаралары" бөлүгүндө киргизилет.<br>! Тармактык профилдердеги инвестициялык долбоорлор жөнүндө маалыматты өнүктүрүү бюджетинин Планындагы маалымат менен салыштырууга мүмкүн болушу керек.<br>Иштелип чыккан чаралар жана иш-чаралар СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын **2-бөлүмүнө** (ушул Методиканын **7-тиркемеси**) пландын форматы талап кылган бардык деталдарды көрсөтүү менен киргизилет. |

↓

| 7-КАДАМ | **“Мейкиндик” бөлүмүн даярдоо** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | баштальшы: *5- июль* | аяктальшы: | *10- июль* |

| | |
|---|---|
| | СЭӨП комплекстүү болушу керек- ал туруктуу болушу үчүн өнүгүүнүн бардык тараптарын чагылдырышы керек. Мейкиндиктик башкаруу бардык деңгээлдерде, анын ичинде мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууда, комплекстүү пландаштыруу системасынын бир бөлүгү болуп саналат. Райондун өзүнүн мейкиндик схемасы бар, анын өнүгүшү экономикалык жана социалдык өнүгүүнү колдоого тийиш жана тескерисинче. |
| 7.1. | Жумушчу топ СЭӨП документинин Шаблонунун **5-бөлүмүнүн 5.1-таблицасында** камтылган көрсөткүчтөрдүн тобу боюнча маалыматтарга анализ жүргүзөт, алар төмөнкүлөрдү камтыйт:<br>– районго кирген айыл аймактардын жана шаарлардын мейкиндиктик укуктук зоналарынын суммардык балансы;<br>– тармактар боюнча пайдалануу муктаждыктарынын прогнозу;<br>– жер ресурстарын пайдалануу боюнча жаратылышты коргоо чектөөлөрү.<br>– табигый коркунуч зоналары (мисалы, сел коркунучу алдында турган жана адамдарды көчүрүүнү талап кылган аймактын бир бөлүгү)<br>Мейкиндиктик планынын кыскача анализи төмөнкү суроолорго жоопторду камтышы керек:<br>– райондун аймагынын мейкиндик планынын өзгөчөлүктөрү кандай? (*мисалы, тоолуу жерлердин, жайыттардын, же Мамлекеттик фондунун айыл чарба жерлеринин басымдуулук кылышы*)<br>– акыркы 3 жылда райондун аймагындагы укуктук мейкиндик зоналары |

| 7-КАДАМ | “Мейкиндик” бөлүмүн даярдоо |
| --- | --- |
| | олуттуу трансформацияга дуушар болдубу, бул эмнеге байланыштуу болду жана бул райондун социалдык инфраструктурасын жана экономикасын өнүктүрүүгө кандай таасир этти? (мисалы, сугат жерлеринин же жайыттардын аянттары кыскарып жатабы, турак-жай курууга жерлер бөлүнүп жатабы?)<br>– орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мезгилге райондук деңгээлде мейкиндиктик пландаштыруу саясатынын кандай өзгөчөлүктөрү каралууда? (мисалы, жерлерди трансформациялоо, кендерди иштетүү пландары, транспорттук каркасты өнүктүрүү)<br>– табигый кырсыктардын коркунучу барбы? |
| **Маалымат булактары:** | – Кыргыз Республикасынын мейкиндик маалыматтар банкы;<br>– кадастр маалыматтары, анын ичинде “Санарип аймак” тутумунун модулу же мейкиндик маалыматтарынын райондук маалымат тутумдары;<br>– ЖМАга берилген айыл аймактардын жана шаарлардын СЭӨП;<br>– ЖМАга түшкөн кыйыр маалыматтар (суроолорго жооптор, иштиктүү кат алышуулар, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы жарыялоолор (айрым учурларда көрсөткүчтөрдүн маанилерин тактоо үчүн колдонулат);<br>– ЖМАнын кароосу боюнча ишенимдүү маалыматтардын башка булактары. |
| **Модель** | “Санарип аймак” системасы аймактар боюнча мейкиндиктин маалыматтарын камтыйт, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан киргизилет жана ошол эле мезгилге ЖӨБдүн аткаруу органдары тарабынан СЭӨПтүн иштеп чыгууда иштелип чыккан прогноздор камтылган. Райондук пландоо деңгээлинде, система ЖӨБ боюнча маалыматтарды суммалап, жалпы район боюнча көрсөткүчтөрдүн маанисин берет. Зарыл болгон учурда ЖМА маалыматтарды жалпы прогнозго таасир этиши мүмкүн болгон параметрлер менен толуктай алат, алар “Санарип Аймак” системасынын “Мейкиндикти пландаштыруу” кичи модулунда көрсөтүлгөн. Кошумча маалыматтар киргизилгенден кийин, “Прогнозду эсептөө” моделинин буйругу берилет. Модель аймактын укуктук зоналарынын балансында, анын ичинде узак мөөнөттүү мезгилге өзгөрүүлөрдүн прогнозун эсептөө үчүн өндүрүштү жана калкты өнүктүрүү параметрлерин эске алат.<br>! Модель жок болгон учурда прогноз айыл аймактары жана шаарлардын СЭӨПдө экономиканы жана калкты өнүктүрүү боюнча кандай иш-чаралар каралгандыгына жараша орто мөөнөттүү мезгилге гана эсептелет, мисалы, товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө бизнес үчүн кеңейтилүүчү кубаттуулуктар жайгашышы мүмкүн болгон өздөштүрүлгөн участоктордун аянттарын кеңейтүү боюнча пландар. |
| **Результат:** | Алынган фактылык маалыматтар жана прогноздун натыйжалары СЭӨП документинин Шаблонунун **5-бөлүмүндөгү 5.1-** |

| 7-КАДАМ | **“Мейкиндик” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| | **таблицасына** көчүрүлөт/ киргизилет.<br>Суроолорго жооптор СЭӨП документинин Шаблонунун **5-бөлүмүнүн 5.2-бөлүмчөсүнө** киргизилет. |

**7.2.** Жумушчу топ алынган маалыматтарды колдонуп, социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеши менен кыска мөөнөттүү (1 жыл), орто мөөнөттүү (3 жыл) жана узак мөөнөттүү (5 жыл же андан көп) мезгилге аймактын мейкиндиктик планын өнүктүрүү саясатын талкуулоону уюштурат жана өткөрөт: төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:

- аталган мезгилдерде райондун аймактарынын мейкиндигин башкаруу саясаты жумушчу топ тарабынан сунушталган өнүгүүнүн кайсы аспектилерин эске алат?
- мейкиндик саясатында райондун экономикалык адистештирилиши кандайча эске алынат?
- мейкиндик саясатында калктын муктаждыктары кандайча эске алынат?
- СЭӨПдө белгиленген орто мөөнөттүү же узак мөөнөттүү мезгилге жерлерди укуктук зоналарда (трансформациялоо) өзгөртүү чараларын талап кылабы (мисалы, калкты көбөйтүү пландаштырылган учурда турак жай курулуш зонасына же өндүрүштү кеңейтүү пландаштырылган учурда өндүрүш зонасына)?
- мейкиндикти пайдаланууда жаратылышты коргоо боюнча чектөөлөрдү көбөйтүү талап кылынабы (“Айлана-чөйрө” бөлүмү менен байланыш)?

| | |
|---|---|
| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨП документинин Шаблонунун **5-бөлүмүнүн 5.3-бөлүмчөсүнө** киргизилет.<br>Иштелип чыккан чаралар жана иш-чаралар СЭӨПны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын **4-бөлүмүнө** (ушул Методиканын **7-тиркемеси**) пландын форматы талап кылган бардык деталдарды көрсөтүү менен киргизилет. |

↓

| 8-КАДАМ | **“Айлана-чөйрө” бөлүмүн даярдоо** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** баштальшы: | *11- июль* | аяктальшы: | *16- июль* |

**8.1.** Жумушчу топ СЭӨП документинин Шаблонунун **6-бөлүмүнүн 6.1-таблицасында** камтылган көрсөткүчтөр тобу боюнча маалыматтарды чогултат, анын ичинде:

- жаратылышты коргоочу аймактар жана токойлор;
- жердин деградациясы;
- үй чарбаларынын жана өндүрүштүн энергиялык натыйжалуулугу;
- катуу тиричилик калдыктарын башкаруу;
- жаратылыш ресурстарын башкаруу;
- саркынды сууларды тазалоо.

СЭӨПтүн экологиялык бөлүмү боюнча учурдагы кырдаалдын кыскача анализи төмөнкү суроолорго жоопторду камтууга тийиш:

- райондун аймагында айлана-чөйрөнүн жана/же суу ресурстарынын абалына таасир этүүчү, экологияга таасир этүүчү объекттер/булактар, мисалы, калдык сактоочу жайлар ж. б. барбы?
- өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары барбы?
- райондун аймагында климаттын өзгөрүшүнө көз каранды болгон жаратылыш өзгөчөлүктөрү барбы? (мисалы, толуктугу мөңгүлөрдүн эришине жараша болгон тоо дарыялары же жер астындагы суулар)
- климаттын өзгөрүшү райондун экономикасына (айыл чарбасына) кандай

| 8-КАДАМ | **“Айлана-чөйрө” бөлүмүн даярдоо** |
|---|---|
| таасир этет? | |
| **Маалымат булактары:** | – жергиликтүү мамлекеттик администрацияга берилген аймактардын СЭӨП;<br>– мурунку мезгилдердин СЭӨП;<br>– статистикалык маалыматтар (Улуттук статистика жана тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук статистикасы);<br>– климаттын өзгөрүшүнүн температуралык ийри сызыктары<br>– экологиялык эл аралык жана республикалык уюмдар, КЭУлар тарабынан райондун аймагында жүргүзүлүп жаткан экологиялык серептердин маалыматтары;<br>– райондун аймагында иштеп жаткан, айлана-чөйрөнүн жана/же суу ресурстарынын абалына таасир этүүчү экономикалык ишмердиктин субъекттеринин маалыматтары;<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин китеби: Кыргыз Республикасынын аймагындагы коопту процесстерге жана кубулуштарга Мониторинг жүргүзүү, прогноздоо<br>– Кыргыз Республкасынын айлана- чөйрөнүн абалы жөнүндө Улуттук отчеттор жана эл аралык докладдар<br>– ЖМАга келип түшкөн кыйыр маалыматтар (суроо-талаптарга жооптор, ММКдагы жарыялоолордун ишкердик кат алышуулары (айрым учурларда көрсөткүчтөрдүн маанилерин тактоо үчүн колдонулат);<br>– ЖМАнын кароосу боюнча башка ишенимдүү маалымат булактары |
| **Модель** | “Санарип Аймак” тутумунун “Чарбалык китеп” (кожолуктардын энергиялык натыйжалуулугу) жана “Комплекстүү пландаштыруу тутуму” кичи модулдары ЖӨБ акаруучу органдары тарабынан киргизилип турган аймактар боюнча айлана-чөйрөнүн абалына тиешелүү маалыматтарды жана ошол эле мезгилге ЖӨБ аткаруучу органдарынын СЭӨПтү иштеп чыгууда жасаган прогноздорду камтыйт. Райондук пландоо деңгээлинде, система ЖӨБО боюнча маалыматтарды суммалап, жалпы район боюнча көрсөткүчтөрдүн маанисин берет. Зарыл болгон учурда ЖМА маалыматтарды жалпы прогнозго таасир этиши мүмкүн болгон параметрлер менен толуктай алат, алар “Санарип Аймак” системасынын жогоруда айтылган кичи модулунда көрсөтүлгөн. Кошумча маалыматтар киргизилгенден кийин, “прогнозду эсептөө” моделинин буйругу берилет.<br>! Модель жок болгон учурда прогноз “социалдык инфраструктура” жана “экономикалык өнүгүү” бөлүмдөрүндө айлана-чөйрөнүн жана/же суу ресурстарынын абалына таасир этүүчү өндүрүштөгү кандай өзгөрүүлөр каралгандыгына жараша эсептелет. |
| **Жыйынтык:** | Алынган фактылык маалыматтар жана прогноздун натыйжалары |

| 8-КАДАМ | “Айлана-чөйрө” бөлүмүн даярдоо |
| --- | --- |
| | СЭӨП документинин Шаблонунун **6-бөлүмүндөгү 6.1-таблицасына** көчүрүлөт/ киргизилет.<br>Суроолорго жооптор СЭӨП документинин Шаблонунун **6-бөлүмүнүн 6.2-бөлүмчөсүнө** киргизилет |

**8.2.** Жумушчу топ алынган маалыматтарды колдонуп, социалдык-экономикалык өнүгүү боюнча Координациялык кеңеши менен айлана-чөйрөгө байланыштуу төмөнкү маселелер боюнча талкууларды уюштурат жана өткөрөт:

– айлана-чөйрөнүн булганышына карата кандай тобокелдиктер жана коркунучтар бар: бул аймакта өндүрүштүн же айлана-чөйрөнүн жана/же суу ресурстарынын абалына таасир этүүчү объекттер, экологияга таасир этүүчү объекттер/булактар барбы, мисалы, калдык сактоочу жайлар, тоо-кен жана химиялык өндүрүштөр, отканалар, мал союучу жайлар, санкцияланбаган таштанды төгүүчү жайлар ж. б.?

– райондун аймагында айлана-чөйрөнү булгануудан коргоо боюнча кандай чаралар артыкчылыктуу?

– райондун аймагында Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу сугат суунун жетишсиздиги, ичүүчү суунун сапатынын төмөндөшү жана жетишсиздиги, жаратылыш кырсыктарынын тобокелдиктери, кеч жазда жана/же эрте жазда үшүк алуу, катуу шамал, жаан-чачындын көбөйүшү же азайышы ж. б. тобокелдиктер келип чыгабы? Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча кандай чараларды көрүү керек:

- айыл чарбасында жана ирригацияда;
- өнөр жай тармактарында;
- энергетика тармагында;
- инфраструктурада жана курулушта;
- жаратылыш ресурстарын башкарууда;
- илимде жана жаңы технологияларды киргизүүдө;
- Социалдык чөйрөдө, анын ичинде саламаттык сактоо жана билим берүү;
- башка чөйрөлөрдө.

– райондун аймагында айлана-чөйрөнү коргоого жана өзгөчө кырдаалдардын коркунучун азайтууга жана климаттын өзгөрүшүнө тиешелүү тармактык программалар жана пландар (адаптациялык пландар) ишке ашырылабы? Андай болсо, кайсы багыттар боюнча? Тармактык программаларда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экология маселелерине болгон муктаждыгы эске алынганбы?

– тармактык программалардын кандай чаралары жана бюджеттик инвестициялардын пландаштырылган долбоорлору ушул муктаждыктардын бир бөлүгүн канааттандыра алат?

– райондун калкы кайсы категориядагы оорулардан көп жабыркайт (дем алуу жолдорунун оорулары, аллергия, жүрөк-кан тамыр, тамак сиңирүү системасынын оорулары, инфекциялык, онкологиялык оорулар ж. б.)? Бул айлана-чөйрөнүн абалына же өзгөчө жергиликтүү шарттарга (өтө суук же ысык климат, абанын булганышы, зыяндуу өндүрүштөрдүн эмиссиясы, күн же жер радиациясы, айыл чарбасында пестициддерди

| 8-КАДАМ | “Айлана-чөйрө” бөлүмүн даярдоо |
|---|---|
| | колдонуу, химиялык күчтүү дары-дарметтер, мал чарбасындагы дары-дарметтер ж. б.) кандайча байланыштуу болушу мүмкүн? |
| **“Бириктирүүчү түйүн” төмөндөн** | Райондун СЭӨПтүн бул бөлүмүн иштеп чыгуу учурунда ЖМАга айыл аймактардын жана шаарлардын СЭӨП берилиши керек. Бул СЭӨП экология маселелериндеги ЖӨБдүн жергиликтүү жамааттарынын артыкчылыктуу муктаждыктарын талкуулоо үчүн пайдаланылат. Бул этапта маалымат “төмөндөн жогору” жүрөт - ЖӨБдүн аткаруучу органы райондук пландоо деңгээлин өзүнүн инвестициялык муктаждыктары жөнүндө маалымдайт. Маалымат алмашуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:<br>– Жалпы базага маалыматтарды киргизүү (“Санарип аймак”)<br>– ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жазуу жүзүндөгү же электрондук суроо-талаптары;<br>– келип түшкөн аймактардын СЭӨП. |
| **“Бириктирүүчү түйүн” жогору** | Өнүктүрүүнүн тармактык программалары төмөнкүдөй түзүлүшү керек: жумушчу топ СЭӨПны пландоодо тармактык программаларды алардын багыттары жана чаралары жагынан эске алат; бир эле убакта райондук СЭӨПны түзүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрүнө кирген жумушчу топтун мүчөлөрү көйгөйлөрдү жана муктаждыктарды аныкташат жана аларды өнүктүрүүнүн тармактык программаларын түзүү жана ондоо максаттары үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга өткөрүп беришет. |
| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨПнын документ Шаблонунун 6-**бөлүмүнүн 6.3-бөлүмчөсүнө** киргизилет. Иштелип чыккан чаралар жана иш-чаралар план форматында талап кылынган бардык деталдарды көрсөтүү менен СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын **5-бөлүмүнө** (ушул Методиканын 7-тиркемеси) киргизилет. |

↓

| 9-КАДАМ | **СЭӨП коомдук талкуулары** | | |
|---|---|---|---|
| **Мөөнөттөр:** | баштальшы: *17- июль* | аяктальшы: | *27- июль* |

**9.1.** Жумушчу топ СЭӨПтүн коомдук талкууларын төмөнкү тартипте уюштурат:

1) жумушчу топ коомдук талкуулоонун датасын дайындайт;
2) жумушчу топ СЭӨПтүн долбоорун өзүнүн же ассоциацияланган веб-сайтында коомдук талкуулоолордун белгиленген күнүнө чейин 7 күндөн кечиктирбестен жарыялайт;
3) ЖМА калкка ММК же социалдык тармактар аркылуу коомдук талкууларды өткөрүү датасы жөнүндө маалымдайт;
4) ЖМА белгиленген күнү СЭӨПтүн коомдук талкуулоосу үчүн жайды же талкуулар онлайн жүргүзүлсө, электрондук аянтчаны камсыз кылат;
5) жумушчу топ коомдук талкуулоолордун натыйжаларын протоколдойт..

| | |
|---|---|
| **Жыйынтык:** | Коомдук талкуулоолордун жыйынтыктары СЭӨПтүн документинин бардык бөлүмдөрүнүн бардык пункттарына оңдоолор катары киргизилет.<br>СЭӨП документи Шаблондун бардык пункттары боюнча |

| | |
|---|---|
| | толтурулган түрүндө бекитүүгө берилет.<br>ЖМА СЭӨПтүн бекитилген документин жөнөтөт:<br>– социалдык-экономикалык өнүгүү боюнча Координациялык кеңешке<br>– ЖӨБ аткруучу органдарына;<br>– экономикалык прогноз боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга;<br>– бюджетти прогноздоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга;<br>– тармактары СЭӨПдө козголгон тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга;<br>жана өзүнүн же ассоциацияланган веб-сайтында жарыялайт.. |

## 5-бөлүм. СЭӨП мониторингинин алгоритми

32. Бул Алгоритм – бул райондун СЭӨПтүн ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча иштин мөөнөттөрүн, ыкмаларын / механизмдерин жана натыйжаларын так сүрөттөгөн кадамдык колдонмо.

33. Алгоритм аткарууга милдеттүү жана аны колдонуу - ЖӨБ аткаруучу органдары тарабынан иштелип чыккан бардык СЭӨП үчүн мониторингдин бирдиктүү процессин жана мониторингдин натыйжалары жөнүндө отчеттордун бирдиктүү форматын билдирет (ушул Методиканын 6 – тиркемесин – СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жөнүндө отчеттун шаблонун караңыз).

34. Алгоритмдин бардык командаларын аткарууда мониторинг контролдоонун аспабы болуп саналбагандыгын эске алуу зарыл, ал жергиликтүү мамлекеттик администрацияны, Координациялык кеңештерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коллегияларын, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетин мониторинг процессинин милдеттүү бөлүгү болуп саналган, мониторинг аркылуу аныкталган көйгөйлөргө карата ар кандай деңгээлдеги СЭӨПтү натыйжалуу ишке ашыруу боюнча чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон маалымат менен камсыз кылат.

35. Мониторингдин алгоритми 3 кадамда ыраattуу берилген төмөнкү чараларды аткарууну камтыйт:

| **Календарь** | **Кадам номери** | **Кадамдын иш-аракети** |
|---|---|---|
| **I жарым жылдыктын жыйынтыгы:** | | |
| 1 август — 5 август | 1- кадам | Жумушчу топтун ишин жандандыруу |
| 5 август --- 20 август | 2- кадам | Мониторинг жүргүзүү |
| 20 август — 10 сентябрь | 3- кадам | СЭӨП мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу |
| **II жарым жылдыктын жыйынтыгы:** | | |
| 5 февраль — 10 февраль | 1- кадам | Жумушчу топтун ишин жандандыруу |
| 10 февраль — 25 февраль | 2- кадам | Мониторинг жүргүзүү |
| 25 февраль — 20 март | 3- кадам | СЭӨП мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары |

| Календарь | Кадам номери | Кадамдын иш-аракети |
|---|---|---|
| | | боюнча чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу |

**Мониторингдин алгоритми**

<table>
<tr><td>1-КАДАМ</td><td colspan="4">Возобновление деятельности рабочей группы и вовлечение Координационного совета</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Мөөнөттөр:</td><td rowspan="2">башталышы:</td><td>1- август (I жарым жылдык)</td><td rowspan="2">аякталышы:</td><td>5- август (I жарым жылдык)</td></tr>
<tr><td>5- февраль (II жарым жылдык)</td><td>10- февраль (II жарым жылдык)</td></tr>
<tr><td colspan="5">1.1.ЖМА жумушчу топтун жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңештин мүчөлөрүнө СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө кабарлайт.<br>Социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңештин жыйындары ЖМА тарабынан уюштурулат жана бул Алгоритмдин аткарылышына жараша өткөрүлөт.</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td colspan="4">Жумушчу топ жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеш мониторинг жүргүзүүнүн зарылдыгы жөнүндө кабардар болду жана ишке даяр</td></tr>
</table>

↓

<table>
<tr><td>2-КАДАМ</td><td colspan="4">Мониторинг жүргүзүү</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Мөөнөттөр:</td><td rowspan="2">башталышы:</td><td>5- август (I жарым жылдык)</td><td rowspan="2">аякталышы:</td><td>20- август (I жарым жылдык)</td></tr>
<tr><td>10- февраль (II жарым жылдык)</td><td>25- февраль (II жарым жылдык)</td></tr>
<tr><td colspan="5">2.1. Жумушчу топ өткөн жылдын планы менен салыштыруу үчүн фактыларды чогултат. Салыштыруу үчүн маалыматтардын форматы СЭӨПтүн ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун 1-бөлүмүндө берилген. Бул СЭӨПтүн бардык бөлүмдөрү боюнча жыйынды көрсөткүчтөрдү камтыйт. Алынган маалыматтарды талдоо андан ары социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңештин катышуусу менен жүргүзүлөт.<br>СЭӨПтү түзүү стадиясында ишти жеңилдетүү үчүн көрсөткүчтөрдү жарым жылдык баалоо талап кылынган эмес, Жумушчу топ биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча жетишүү керек болгон баалуулуктарды өз алдынча баалайт. Экинчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча көрсөткүчтөрдүн жылдык пландуу маанилерине жетишүүгө мониторинг жүргүзүлөт.</td></tr>
<tr><td>Маалымат булактары:</td><td colspan="4">СЭӨПтү иштеп чыгуу Алгоритминдеги ар бир бөлүм боюнча маалымат булактарын караңыз (тандалган көрсөткүчтөр боюнча);<br>Райондун аймагында тармактык саясаттын чараларын ишке ашыруу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын региондук бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнөн маалымат.</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td colspan="4">Пландык жана алынган иш жүзүндөгү маалыматтар СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун 1-таблицасына киргизилет</td></tr>
</table>

| 2-КАДАМ | **Мониторинг жүргүзүү** |
|---|---|

Жумушчу топ алынган маалыматтарды колдонуу менен социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеш менен талкууларды жүргүзөт:

**2.2.** Алынган көрсөткүчтөрдөн четке чыгуунунун жана ага байланыштуу көйгөйлөрдүн анализи: төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:

- четке чыгуулар канчалык деңгээлде олуттуу?
- четке чыгуулар кандай себептерден улам келип чыккан?
- четке чыгууларды чечүү үчүн чара көрүү керекпи? Андай болсо, кандай чараларды көрүү керек?
- СЭӨПтү ишке ашырууда райондун калкынын жашоо деңгээлине таасир этүүчү кандайдыр бир олуттуу жетишкендиктер болду беле? *Мисалы, инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун аякташы же аймактардын керектөөлөрүнө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын же финансылык институттардын көңүл буруусу.*

**2.3.** СЭӨПтүн тармактык саясатын ишке ашыруунун анализи: төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:

- отчеттук мезгилге пландаштырылган саясаттын бардык чаралары ийгиликтүү ишке ашырылдыбы?
- пландын иш-чараларын ишке ашыруунун кечеңдешине кандай көйгөйлөр же факторлор таасир этти?
- четке чыгууларды чечүү үчүн чара көрүү керекпи? Андай болсо, кандай чараларды көрүү керек?

| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨПтүн ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун 2-**пунктуна** киргизилет.<br>Эгерде талдоо процессинде СЭӨПтү ишке ашырууда калктын жашоо деңгээлине таасир этүүчү көрүнүктүү жетишкендиктер табылса, алар СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун **3-пунктуна** киргизилет. |
|---|---|

Жумушчу топ учурдагы Иш-аракеттер планын жана анда көрсөтүлгөн иш-чараларды колдонуу менен социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеш менен консультацияларды/талкууларды өткөрөт:

**2.4.** Иш-аракеттер планынан иш-чаралардын аткарылышын талдоо: төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:

- отчеттук мезгилге пландаштырылган бардык иш-чаралар ишке ашырылдыбы?
- алар канчалык деңгээлде ишке ашты?
- пландагы иш-чаралардын тизмесин кайра карап талап кылынбайбы?
- пландын иш-чараларын ишке ашыруунун кечеңдешине кандай көйгөйлөр же факторлор таасир этти?
- көйгөйлөрдү же факторлорду жок кылуу үчүн кандай аракеттер көрүлүшү керек?

| **Жыйынтык:** | Суроолорго жооптор СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын тиешелүү тилкелерине белги түрүндө жазылат (ушул Методиканын 7-тиркемеси). Белгилерде иш-чаранын толук аяктагандыгы, иш-чаранын мөөнөтүн узартуу жана ага байланыштуу көйгөйлөр, иш-чараны ишке ашыруунун |
|---|---|

| 2-КАДАМ | **Мониторинг жүргүзүү** |
|---|---|
| | мүмкүн эместиги жана ага байланыштуу көйгөйлөр тууралуу маалыматтар камтылышы мүмкүн. |

↓

<table>
<tr><td>3-КАДАМ</td><td colspan="4">СЭӨП мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу</td></tr>
<tr><td rowspan="2">Мөөнөттөр:</td><td rowspan="2">башталышы:</td><td>20- август (I жарым жылдык)</td><td rowspan="2">аякталышы:</td><td>10- сентябрь (I жарым жылдык)</td></tr>
<tr><td>25- февраль (II жарым жылдык)</td><td>20- март (II жарым жылдык)</td></tr>
<tr><td colspan="5">3.1.СЭӨПтү ишке ашырууга жолтоо болгон көйгөйлөрдү чечмелөө үчүн жумушчу топ, социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеш ЖМАнын жетекчилиги тарабынан кабыл алынышы керек болгон чечимдердин тизмесин иштеп чыгат, мисалы:<br>– долбоорду кийинкиге калтыруу же тездетүү;<br>– өнүктүрүү фондунан каржылоону тармактык артыкчылыктардын ортосунда кайра бөлүштүрүү;<br>– иш-чарага же долбоорго жооптуу адамдарды дайындоо же кайра дайындоо.</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td colspan="4">Сунушталган чечимдердин тизмеги СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун 4-пунктуна киргизилет</td></tr>
<tr><td colspan="5">3.2. Чечим кабыл алуу. Чечимдер ЖМАнын иш регламенттерине ылайык кабыл алынат жана документтештирилет.</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td colspan="4">Кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалымат СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун 5-пунктуна киргизилет.</td></tr>
<tr><td colspan="5">3.3.Жумушчу топ Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына жана Министрлер Кабинетине жиберүү үчүн райондун деңгээлинде кабыл алынышы же ишке ашырылышы мүмкүн болбогон чечимдер боюнча сунуштарды иштеп чыгат. Мисалы, улуттук же региондук масштабдагы долбоорлорду, мамлекеттик менчик объекттерин башкаруу маселелери, кошумча каржылоону, анын ичинде республикалык бюджеттен каржылоону талап кылган маселелер.</td></tr>
<tr><td>Жыйынтык:</td><td colspan="4">Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына жана Министрлер Кабинетине багытталган чечимдер жөнүндө маалымат СЭӨПтүн ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчеттун Шаблонунун 6-пунктуна киргизилет.<br>Бул маалыматтын негизинде Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына жана Министрлер Кабинетине жөнөтүү үчүн мындай чечимдерди кабыл алууга жазуу жүзүндө суроо-талап түзүлөт</td></tr>
<tr><td>“Бириктирүүчү түйүн” жогору</td><td colspan="4">Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына жана Министрлер Кабинетине жиберилген чечимдерди кабыл алууга суроо-талаптар кат жүзүндө кат алышуу регламентине ылайык электрондук жана/же жазуу жүзүндө тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт.</td></tr>
<tr><td>“Бириктирүүчү</td><td colspan="4">СЭӨПгө мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча ЖӨБ</td></tr>
</table>

| 3-КАДАМ | **СЭӨП мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу** |
|---|---|
| **түйүн" төмөн** | органдарына карата маселелер жана сунуштар келип чыгышы мүмкүн, алар кароо жана аткаруу үчүн аларга жөнөтүлүшү керек.<br>Мындан тышкары, ЖӨБ органдары тарабынан айылдык аймактардын жана шаарлардын СЭӨПтүн мониторингинин жыйынтыгы боюнча райондун деңгээлинде чечим кабыл алууга суроо-талаптар келип түшүшү мүмкүн. Мындай суроо-талаптар каралууга тийиш жана бул суроо-талаптар боюнча чараларды көрүү жөнүндө ЖӨБ органдарына да маалымдоо зарыл. |
| **3.4.** ЖМА СЭӨПтүн ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө отчетту өзүнүн же ассоциацияланган веб-сайтында жарыялайт. | |
| **Жыйынтык:** | Отчет жарыяланды |

## 6-бөлүм. Тиркемелердин тизмеси:

36. 1-тиркеме. Мисалдар менен ЖӨБ СЭӨПтүн стандарттык документинин шаблону.

37. 2-тиркеме. ЖӨБ аткаруу органынын башчысынын СЭӨПтү даярдоо боюнча жумушчу топту түзүү жөнүндө буйругунун шаблону.

38. 3-тиркеме. ЖӨБ аткаруу органынын башчысынын СЭӨПтүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңешин түзүү жөнүндө буйругунун шаблону.

39. 4-тиркеме. СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын шаблону.

40. 5-тиркеме. СЭӨП үчүн тармактык профиль шаблону.

41. 6-тиркеме. СЭӨПтү ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары жөнүндө отчеттун шаблону.

42. 7-тиркеме. СЭӨПтү ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын шаблону.

43. Социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча Координациялык кеңеш жөнүндө Жобонун типтүү формасы.

**Кыскартуулардын тизмеси:**

| | |
|---|---|
| - СЭӨП | - социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы; |
| - СЭӨ | - социалдык-экономикалык өнүктүрүү; |
| - ЖМА | - жергиликтүү мамлекеттик администрация; |
| - ЖӨБО | - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары; |
